**УДК:781.7**

***Аширалиева К.Н.***

# КЫРГЫЗ ЖАНА АЛТАЙ ЭЛДЕРИНИН МУЗЫКАЛЫК АСПАПТАРДЫН ОКШОШТУРУП-САЛЫШТЫРУУ АНАЛИЗИ

***Аширалиева К.Н.***

# СРАВНИТЕЛЬНО-СОПОСТАВИТЕЛЬНЫЙ АНАЛИЗ КЫРГЫЗСКИХ И АЛТАЙСКИХ МУЗЫКАЛЬНЫХ ИНСТРУМЕНТОВ

***K.N. Ashiralieva***

# THE ANALYSIS OF MUSICAL INSTRUMENTS OF KYRGYZ AND ALTAY NATIONS.

**Аннотация:** Бул макалада алтай жана кыргыз элдерине тиешелүү музыкалык аспаптардын салыштырмалуулугу жана дал келүүсү айтылган. Эки элдин этномаданиятынын окшоштуктары ар тараптан дал келет: этникалык материалдык жана руханий маданияттын бирдиктүүлүгүндө (түпкүлүгүндө).

**Негизги сөздөр:** кыргыз, алтай, музыкалык аспаптар, комуз, ооз комуз, кыл кыяк, ванган.

**Аннотация:** В статье дан сравнительно-сопоставительный музыкальных инструментов алтайцев и кыргызов. Общность двух народов проявляется во всех формах этнокультурных параллелей: в общих этнических корнях, в материальной и духовной культуре.

**Ключевые слова:** музыкальные инструменты, комуз, ооз комуз, кыл кыяк, кыргызы, алтайцы, варган.

**Annotation:** The comparative analysis of musical instruments of 2 nations, Kyrgyz and Altay is given in the following article. The vivid ethno-cultural similarities are obvious such as mutual ethnical, material and non-material roots.

Key words: Musical instruments, komuz, ooz komuz, kyl kiyak, Kyrgyz, Altay, jew’s-harp.

Музыкалык аспаптардын салыштырма-жалпылоо анализи кызыктуу маалыматтард берет.

Тастыктоо анализинин негизинде эки элдин аспабынын формалары, аталыштары жана функцияларында абдан көп окшоштугу бар экендигин байкасак болот. Эки элдин эң негизги музыкалык аспабы катары тарыхы жалпы болгон, алтайлыктарда топшур, ал эми кыргыздарда комуз экендиги талашсыз. Алтайлыктардын энциклопедиясында көрсөтүлгөн музыкалык аспабы топшур, кыргыз элине таандык комуз сыяктуу эле баяндалат.[2. 98-99б.]

Шертме комуз-дегени кыргыздын чертме дегени деп эсептесек, анда кыргыз менен алтайлыктардын жакындыгы дагы да жакшы болчудай.

Кыргыздарда комуз үч кылдуу аспап катары белгиленсе, ал эми алтайлыктардын фольклорунда “кайлачан комуз” деп аталып, “кайла”-аткаруучу, “кай”-ырдоо дегенди түшүндүрөт.[3. 326.]

Кыргыз эли байыртадан бери эле дүйнөгө жана үзөңгүлөш жашаган элдерден өзүнүн каада-салты, жашоо маданияты, искусствосу жана диний ишенимдери менен айырмаланып келген. Өзгөчө рухий дүйнөсүнүн бийиктиги жана тазалыгы менен эң жогорку деңгээлдеги маданий мурас жаратып, муундарга таберик катары калтырды. Ал маданий мурастардын сап башында кайталангыс стилге ээ болгон улуттук музыкалык аспаптар турат. Кыргыздын мукам үндүү музыкалык аспатары жалпы элдин турмуш-тиричилиги, салт-санаасы, тарыхы менен тыгыз байланышып, улуу элдин эстетикалык маданиятынын бийик деңгээлде экендигинен кабар берет. Алтай,кыргыз музыкасы ноталарда жазылбаса да, уюткулуу улуу элдин кубанычы, кайгы-муңу, арзуу-сүйүүсү, эрдиги жана эркиндиги мына ушул музыкалык аспаптардын музаларында терең камтылган.

Комуз бул- кыргыз элинин абалтан берки чертме кылдуу үндүү аспабы. Бул аспап өрүк, жаңгак, ак чечек, алмурут, карагай, арча сыяктуу мөмөлүү жана мөмөсүз дарак жыгачтарынан чабылып жасалат. Комузга керектеле турган жыгач сууга абдан кайнатылып, сары суусу менен чайыры чыккан жана ышталган болушу керек. Себеби, мындай жыгачтан жасалган комуздун добушу абдан таза болот. Комуздун жалпы узундугу болжол менен 90 сантимердей болуп, анын түзүлүшү: комуздун башы, тулкусу, чарасы, моюну, капкагы, куткуну, тепкеги (тээги), үч кулагы жана үч кылынан турат. Комуздун жаны-жыгач жана кылы-ичеги. Негизинен өрүк жыгачынан жасалган комуз эң эле сапаттуу да, абаздуу да болот. [10]

Камбаркан деген кыргыз күүсү жана алгачкы комуздун пайда болушу, чымчыктардын кубулжутуп сайраган үндөрүн жакшы көргөн мергенчи Камбаркан жөнүндөгү уламышта айтылат:

“Адаттагыдай эле мергенчи Камбаркан ууда жүргөн кезинде белгисиз кереметтүү күүнү угат, бул керемет күү мен көрө элек чымчык сайрап жатат го деп, ышкырып жиберет, чымчыкты чоочутайын да, учуп чыкса көрөйүн деген ойдо болот. Бирок күү токтобой эле чыга берет. Таң калган мергенчи Камбаркан бактын үстүнө чыгып эки бутактын ортосунда тартылып турган ичке жипти көрөт, күү ошол жиптен чыгып жатканын билип, балким бул кургап калган жип тыйын чычкан талдан талга секирген убакта ичин жарып алса керек деген ойго келет. Ал кургаган ичегини үйүнө алып келип, боз үйдүн бир бурчуна тартып коёт. Бирок тартылган жиптен баягыдай күү чыкпайт. Анда мергенчи Камбаркан токойго барып, жанагы талдын бутагын сындырып алып келип, үч кыл кылып байлайт.Үч кылдан үч түрдүү үн чыкканын байкайт, андан соң аларды бириктирип чертип көрсө кереметтүү күү чыгат. Ошентип үч кыл комуз жана Камбаркан күүсү пайда болгон”- деп айтылып келет.

Ал эми алтайлыктардатопшур. “Топ”-сокку, ышкыруу, “хур”-жалпылоо, корутундулоо дегенди түшүндүрөт. Алтайлыктопшур кыргыздын комузунун формасына окшош, бирок ал эки кылдуу. Ал кедра жаңгагы жана кызыл карагайдын жыгачтарынын ичи ойулуп, сыртын жука тактай же болбосо иштетилбеген тери менен капталат . Кылы жылкынын ак жана кайраттуу, катуу кылдарынан (жалынан) тартылат. Анын узундугу 75-77 см болот.[8]

Топшур жөнүндө дагы укмуштуудай өзгөчө уламыш бар. “Илгери Алтайда эки баатыр дос болгон экен. Алар кошуна болуп турчу. Чоң тоонун асты-үстүнөн суу шар агып турчу. Бир күнү эки достун ортосунда ичи тардыктын айынан көрө албастык пайда болуп, ортодогу достук сезимдери талкаланат. Биринчиси олтурган тоо экинчисине абдан керемет көрүнөт, ушул тоо меники болсо экен деп ойлонот. Бул талаш-тартышты өз ара чечүүнүн жолун издешет. Эки тоону бириктирген көпүрө куралы, ким биринчи жумуш убагында аял жөнүндө сөз баштаса, ал тоонун ээси боло албайт деп макулдашат. Бир күнү жайдын кереметүү таңында алар күүнүн жана аялдын мукам үнүн угушат. Келишим жөнүндө унутуп койгон баатырларды бири: “Оо аялзаты”,-деп кыйкырып жиберет. Ошол эле убакытта чагылган чартылдап, жер жарылып кетет да, “Төөлөс” көлү пайда болот. Ал көл эл арасында “Алтын –Көл” деп аталып келет. Бул көрүнүштү карап турган баатыр үн чыккан жакка жулунуп барат. Ал тоодо турган аялды көрөт, бирок аял заматта таштын бетине аспапты чаап, көздөн кайым болот. Таштын бетинде калган издин формасына ылайыктап алтайлыктар топшур аспабын жасай баштайт. [7. 256]

Комуздар, ооз комуздар же темир ооз комуздар деп аталышы да окшош, бирок бири темирден, экинчиси жыгачтан жасалгандыгы менен айырмаланат.

Шоор (чоор) сыбызгы же флейта бул музыкалык аспабтар жөнүндө да окшоштуктар байкалат.

Үйлөмө аспаптардын тарыхы тээ байыркы замандарга барып такалат. Чоор үйлөмө аспабы алтайлыктарда "Шоор" деп аталат. Хакас, тувалыктарда шоор ойношот. Чоор куурайдан жасалгандыктан, башкыр элинде бул аспап "Куурай" деп аталат. Чоор шилби, сары жыгачтан жасалат. Чоордун түтүгүнүн эки кыргагы жарылып кетпес үчүн мүйүз кийгизилет.[10]

Чоор же шоор деп айтылып келген музыкалык аспаптын кыргыздарда үч түрү бар:

чогойно-чоор узун ачык флейта, ойногонго тешиктери жок, балтырык чоор- ачык флейта ойногонго тешиктери бар, ышкырык чоор-эки жактан дагы тешилген. Бул окшош аталыштар кээ бир изилдөөчүлөрдүн оюу боюнча илгерки түрк тилиндеги “чоула” деген сөздөн келип чыккан жана “трубить, рокотать” деген маанини түшүндүрөт.

Ошондой эле canlat, чарлат чоорлот деген сөздөргө жакын. Кыргызча сыбызгы , алтайча сыбысгы деген сөз, илгерки түрк тилиндеги Sing-сыгырыш-ышкыруу дегенди түшүндүрөт. [6.167б.]

Кыргыздар кыл-кыяк, алтайлыктарда икили деп аталган аспаптар дагы толугу менен окшош.

Кыл кыяк-кылдуу, жаалуу музыкалык тартма аспап. Бул аспаптын негизги түзүлүшү: тулку, кулак, моюн, чара, каптама тери, кайыш куткун, тээк, жаа жыгачтан турат. Булар өзүнчө даярдалып, бир тутумга бириктирилет. Кыл кыяк, алтайлык икили жана Орто Азияда жашаган канатташ элдердин жаалуу аспатарына тектеш. Жана да скрипкага абдан окшош. Кыл кыяктын жалпы узундугу - 65-70 сантиметрди түзүп, анын тулкусу өрүктөн же арчадан сомдолуп жасалат. Алмурут формасындагы добуш чыгаруучу чарасынын тең жарымы төөнүн жаргагы менен капталат. Кыл кыяктын аягы бутка коюууга ылайыкталып, ичке келет. Башында бири-бирине карама-каршы келген эки кулагы болот. Кыл кыякка жашы эки асыйдан ашпаган жылкынын куйрук кылы (60-70 кылдан ашпаган) тагылат. Аспапты аттын куйрук кылы бекитилген жаа менен жанып ойнойт. Кыл кыяктын мукам коңур добушу адамдын үн интоннациясына абдан окшош. Кыл кыякта көбүн эсе кыргыздын баатырдык жүрүшүн, адамдардын ар кандай турмушун баяндаган күүлөр ойнолот. Дагы бир касиети мында адамдын күлгөнү, ыйлаганы, кошок кошкону жана жаныбарлардын ар кандай үндөрү таасын дал келүү менен тартылат.[9]

Икили аспабынын пайда болушу жөнүндө алтайлыктарда уламыш бар. Илгери Алтайга дайыма чабуул салынган. Ушундай чабуулдун убагында баскынчылар Манжу атуу кишинин эки баласын жана аялын тузакка алат. Тузакка алынган аял падышага барып, балдарын бошотусун суранат, жасаган жакшылыгы үчүн ыраазычылык катарында ыр ырдап берейин дейт жана ал ырдаган ырын өмүр бою унута албасын айтат. Аялдын айткан сөзүн уккан падыша макулдугун билдирип, балдарын алып келүүгө буйрук берет. Ошол кезде аял эки кылды тартып, күкүрт менен майлап, обонго келтирет. Колу кылдарга тиер замат кереметүү обон чыга баштайт. Кубанган аял чыккан обон менен кошо ырдап жиберет. Обонуна жана ырдаган ырына таң калган падыша ыраазычылык билдирип, балдары менен бирге аялды да боштондукка чыгарат. Аял жасаган аспап кийин эки кыл деп же алтайча экили-икили деп аталып калган. [1.405-461б.]

Муну менен эки тараптуу элдин музыкалык аспаптар жөнүндөгү билими жана аалам таануу боюнча да бир катар окшоштуктары бар экендигин көрөбүз, алар эки элдин этномаданиятынын жакындыгынан кабар берет.

Кыргыздардын жана алтайлыктардын өтө чиеленген этникалык-маданий алакаларын акыркылардын курамындагы «кыргыз» этноними да чагылдырат. Бул энесайлык кыргыздардын алтайлыктардын этногенезине өтө активдүү катышкандыгын далилдейт . Урую-урук, эл аталыштарындагы параллелдүүлүктөр жөнүндө түркологН.А.Баскаков: «...майда жана ири уруулардын аталыштары тууганчылык жакындыктын объективдүү белгилери болуп эсептелет» - деп жазат.

Тектеш эки элдин курамындагы этникалык аталыштарга назар салганыбызда алардын басымдуу бөлүгүнүн байыркы түрк жана ага чейинки мезгилдерде (доорлорго) пайда болгондугу байкалат. Кыргыздардын жана алтайлыктардын курамдарындагы кыргыз, кыпчак, дөөлөс (төөлөс), тогуз, татар, азык, төрдөш, этнонимдери Орхон-Енисейдеги руникалык жазма эстеликтеринде өз алдынча уруулар, уруулук бирикмелер катары чагылдырылат. Алтай жана кыргыз элдеринин этномаданиятынын окшоштуктары жөнүндө

С .М.Абрамзондун жана И .Б. Молдобаевдердин иликтөөлөрүндө кенен чагылдырылат..[5.161-168б.]

Виноградов В. С. жазгандай “Кыргыз, казак, хакас жана кээ бир алтай урууларда музыкалык биримдүүлүк байкалат, ал эми комуз чертме кылдуу аспап катары мындан 100 жыл мурун алтай элдеринде катталган жана кыргыздарда башка Орто Азия элдеринин эч бириндe колдонулбагандыгы айтылат”.

Ал дагы кыргыздарда “кайла” деген сөз бар, алтайлыктарда “кай” дегени ырдоонун мүнөзү же болбосо ырдоонун стили дегенди түшүндүрөт, ошондой эле шоор, сыбызгы деген музыкалык аспаптардын окшоштуктарын эки элден тең байкасак болот. Андан сырткары “чертмек” деген термин эки элде тең комузга тиешелүү.[4. 84-89б. ]

Көрүп тургандай эле эки элдин күнүмдүк жашоодо колдонуп келген буюмдары, билимине болгон көз карашы, өлчөм ченемдери, анатомиялык аталыштары, тууганчылык мамилеси, турмуш куруудагы үрп-адаттары, элдин медицинада колдоно турган чөп-даарылары жана музыкалык аспаптардын окшоштуктары байкалат. Бул эки элдин түпкүрүндөгү кандайдыр бир жалпылыктын бар экендигин айтылат. Жогоруда айтылгандардан кыргыз-алтай элдериндеги жазма булактары учурда жетишээрлик деңгээлде болбосо да, фольклордук чыгармалардагы окшоштуктары айгиленеп турат. Негизинен эки элдин этномаданиятынын башаты бир экендигин далилдейт.[2.100-101.б]

Жыйынтыктап айтканда тереңирээк изилдөө алдында жана илимий чоң ачылыштарга багыт берет.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Вопросы этнической истории киргизской народности //Кыргызы. Источники. История. Этнография. Б., 1996. - С.405-461
2. Алымкулова С.К. Кыргызско-алтайский этнокультурные связи.
3. Бичурин Н.Я.(Иакинф) Собрание сведений о народах, обитавших в Средней Азии в древние времена. Т.1-3, 2-е изд. - М.; Л.: Изд-во АН СССР, 1950-1953. - Т.1. - 381 с.; Т.2. - 335 с.; Т.3. - 326 с.
4. Виноградов В.С. Кыргызское народное музыкальное творчество как источник изучения проблемы происхождения кыргызов //Тр. Кырг.археол.-этногр. экспедиции. Т.3. - Фрунзе, 1959. - С.84-89.
5. Каратаев О.К. Кыргыздардын этно маданий байланыштарынын тарыхы
6. Субаналиев С. Кыргызские музыкальные инструменты. - Фрунзе: Кыргызстан, 1986. - 167 с.
7. Суразаков С.С. Алтайский героический эпос. - М.: Наука, 1985. - 256
8. https://www.altai-tour.ru/about_altai/kultura/topshur/
9. https://ky.wikipedia.org/ Кыргыз элдик музыкасы
10. https://sputnik.kg/infographics/20160310/1023064435.html


**Рецензент: к.и.н., доцент Зайниев Р.А.**